# ПЛЮРАЛИЗМ БААЛУУЛУК КАТАРЫ

**Doç. Dr. Mevlüt Uyanık**
Gazi Üniversitesi Çorum İlahiyat Fakültesi/TÜRKİYE

**AS A VALUE: PLURALİSM**

In my paper, I will target the systematic analysis experience pluralism of Modern Turkey. It is very important issue, because of Turkey Republic passed by inheritance from the Ottoman State of poli-cultural and poli-etnical historical roots. So If It will be focused central theme of conflict, negotiation and mediation across East (i.e Islam) and West cultures, we must discussed democratic and Muslim Turkey's experience as a symbol of harmony and adjustment different civilizations and cultures.

This issue is very important from the perspective of Educational sciences; also we must analyze this issue from the point of pluralistic perspective.

if we can do this, can solve social, ethnicity and political problems and thus Turkey will be central of the dialogue and tolerance of Civilizations, different cultures, namely Cultural and Religious Identities. If we want to foster and develop dialectical integrity between the human relations and religion relations and the spirit of democracy and pluralism in our country; It will be discussed the formation of ethnic identities and ethnic groups in Modern Turkey of pluralism as a value from the point of Education.

To sum up, in my paper, it will be made by critical and rational reading of the educational and sociological accumulation of pluralism in Modern Turkey.

**Key words: Pluralism, multiculturalism,** individual rights and freedoms, value

## Киришүү

Түркия мамлекети, карамагында бир нече тил, дин жана улутту камтыган Осмон дөөлөтү плюралисттик мүнөздө Анатолияда негизделген жаңы бир мамлекет катары, индивидуалдык-мекендештик, дин-мамлекет ортосундагы байланышты чыңдоодо чоң проблемага дуушар болду.

**Проблема:** Түркия мамлекети Осмон дөөлөтүнөн калган түрдүү улуттарды, тилдерди, диндерди жана булардан пайда болгон түрдүүлүк жана плюрализмди коомдук биримдикти сактай турган абалга келтире алганбы? Башкача айтканда, «диалог жана толеранттуулукка таянган ар түрдүү улуттарды тынчтыкка чакырган «демократиялык- секульярдык түзүлүштү» иш жүзүнө ашыруунун жолу кандай болушу мүмкүн? Проблеманын аныктамасын ортого коюуда педагогика боюнча илимпоздордун жетекчилиги чоң мааниге ээ. Өзгөчө, баалуулук факторунун пайда болушунда жана кийинки муунга калтырууда бир канча илимпоздор менен бирге педагогика илими боюнча окумуштуулардын теориялык, практикалык салымдары теңдешсиз.

**Аткарылган чечимдин сунушу**: Тарыхый жагы реформалык мезгилге чейин такалган бул проблеманы Түркия мамлекети, дин жана диний баалуулуктардан тазаланган секульярдык жана «түрк» терминин жайылтуу менен жоюуга далалат жасады. Түрдүү топторду жана улуттарды бир группа абалына келтире турган билим берүү программасын иш жүзүнө ашырды.

Ушул багытта Осмон дөөлөтүндө көптөгөн улуттарды жана маданиятты эске алган саясий жана адеп-ахлактык функция катары мультикультуралист (көп маданиятуулук) түзүлүш, топтор ортосундагы пикир келишпестиктерди жөнгө салууну көздөгөн. Мына ушулардын негизинде Түркия мамлекети жаңы бир коллектив курууну максат кылган. Мындан максат социологиялык иликтөө гана эмес, пландаштырылган жана даярдалган «улуттук мамлекет» долбоорун жүзөгө ашыруу эле. Жаңы улут жана улуттук мамлекет жаратууну көздөө, ошол учурдун шартын эске ала турган болсок, эң ыңгайлуу жана туура саясат болгон.

Башкача айтканда, «Осмон мамлекетинин сакталып калышынын кепили, көп диндүү саясий-этникалык түзүлүшүнө ыңгайлуу «айрымачылыктарды» да камтыган саясий позициясы канчалык деңгээлде туура болгон болсо, мамлекеттин куруучуларынын жаңы мамлекеттин түзүлүшүндө «окшоштукту» эске алган баалуулук факторуна, улутчулдукка таяндыруусу ошончолук туура эле.» (Йүрүшен, 1998:71)

Ортайлынын айтуусу боюнча: «Космополитикалык Осмон дөөлөтүнүн элитасы жаңы дүйнөнүн шарттарында дароо «түрк» болушту. Чындыгында императордук учурунда жакшы жетиле элек абалдагы түркчүлүк, мамлекеттин кыйроо учурунда пайда болду. Мусулманчылыкка гана таянып жашаган калк, 1293-жылкы согушта, Балкан согушунда жана биринчи дүйнөлүк согуштун кызуу отунда «түрк» деген өздүк кишиликтин керек экендигин түшүнүшкөн. Дин жана мазхап деген маанидеги «улут» терминине улуттук маанисинин кирүүсүн камсыз кылган. (Ортайлы, 1999: 81-83)

**Аткарылган чечим сунушунун бүдөмүк абалда калышы**: Секулярдык-модернизациялык долбоордун жыйынтыгы катары көрүлгөн диндин четтетилиши, жеке турмушка байланыштырылышы менен бирге, инсандардын эркиндикке чыгарылышы күтүлгөн. Ошентип, диндин жана анын нормаларынын учурдагы коомдо акырындап жок боло тургандыгын көздөгөн бул саясат, маданий багытта диндин да өсүп-өнүгүшү менен биргеликте кризиске дуушар болду. Ушул шартта динди секулярдаштыруунун ордуна, динди кайра жандандыруу сөз кылына баштады. (Кейман, 118-119, 124-125)

**Жаңы чечимдин сунушу**: Бул кризистен ашуунун бир гана жолу, обьективдүү-либералдык жана демократиялык башкаруу системасын уюштуруп, инсандын инсандык мүнөзгө ээ укуктары жана эркиндиктерине таянган плюралисттик түшүнүгүн жаңыдан «баалуулук» катары көрсөтүү менен мүмкүн болот.

«Баалуулук» терминин социалдык жандык катары инсан илимдеринин негизги темасы абалына келтире турган бул көрсөткүчтүн негизги максаты, инсандардын бири-бири менен болгон мамилелеринин кандай болушу керек экендиги тууралсында педагогдорго теориялык-философиялык негиздер даярдоо болуп саналат.

Этиканын инсан менен башталып, инсан менен бүтө турганын эске ала турган болсок, индивитти алдыңкы орунга коюу керек болот. Өзгөчө, индивиттин баалуулуктарынын алгачкылардан болуп үй-бүлөдө жана билим

берүү мекемелеринде түптөлгөндүгү, адеп-ахлактын баарынан мурун таалим-тарбия маселесине таянгандыгын айгинелейт. Себеби «баалуулук», өзүнө багыт берүү өзгөчөлүгүнө ээ болгон болсо, «адеп-ахлак» кандай баалуулуктарга багыт алышты көрсөтөт. Ошондуктан «жакшы» кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө болгондугу, буларды жайылтуу, өзгөчө жакшы кыймыл-аракеттерди жаштарга жана кийинки муунга үйрөтүү үчүн эмне кылуу керек экендиги жана жаман өнөкөттөрүбүздүн ордуна жакшыларын орноштуруунун жолдорун изилдешибиз керек. Баалуулуктарсыз таалим болбой тургандыгы үчүн эмненин туура, туура эмесин жана үйрөтүүдө эмнеге көңүл бурулушу керек экендиги тууралуу педагогдорго жол көрсөтө турган принциптер болушу керек. (Гүнгөр,1998, 19; Гүнгөр, 1997, 16-17, 24; Акбаба-Алтун, 2003, 10; Урал, 1998, 41-42).[1]

Мына ушул учурда философ ишке киришет. Анткени, жакшынын бир жактуу аныктамасынын жоктугу, баалуулук плюрализминин ичинде жашоого багытталышы, жаңы социалдык-экономикалык бүтүндүктөр (ЕС сыяктуу) жана ушуга караштуу жаңы механизмдердин мүмкүнчүлүктөрүнүн жана өзгөчөлүктөрүнүн үстүндө талаш-тартыштарды жаратып, педагогторго керектүү функцияларды жана шарттарды түзүүгө болот. Өзгөчө, акыркы эки кылымда Түркиянын Батыш Европага бурулушу жана учурда Европа Союзуна кирүүгө коюлган шарттарды эске алганда баалуулук плюрализмин изилдөө өтө чоң мааниге ээ экендиги даана байкалат.

Андай болсо башкаларды да эске алып жашоонун мүмкүнчүлүктөрүн, башкача айтканда инсандардын бакубат жашай турган бир канча турмуш шарты бар экендиги тууралуу пикирди алдыга коюп, мунун таалим-тарбия жагын кандай кылуу керектигин ойлонуштурушубуз зарыл. Бир жактуу жашоо шарт баары үчүн ыңгайлаштырылышы мүмкүн эмес. Инсаният үчүн жакшы жашоо шарты, баарын ишке ашыра албай турганчалык түрү көп. Ошондуктан бири-бирине дал келбеген баалуулуктардын карама-каршылыктарын жокко чыгаруу эмес, кайчылаш баалуулуктарды жана жашоо образдарын бир түрдүү жашоого бириктирүү зарыл. (Грай, 2003; 11) ЕС жана АКШ сыяктуу чоң саясий өнөктөштүккө караганыбызда бир канча жашоо образдарына күбө болобуз. Булардын арасында жакшысы да, жаманы да, баалуусу да, баалуусузу да жок. Баары бирдей өлчөмдүү «баалуу» болуп көрүнөт. Булардын ичинде бир канча жашоо образын ичине камтыган мекемелер курулган. Жаңыча граждандык укук, жаңыча өздүк кишиликтер (Америкалык, Европалык сыяктуу) түзүү үчүн Sokrates темасында программалар бардык мүчө жана мүчөлүккө кандидат өлкөлөрдө иш жүзүнө ашырыла баштады. Башкаларды эске алып, айрымачылыктарын жакшы маанайда карап, өзүбүздүн айрымачылыктарыбызды жана өзгөчөлүктөрүбүздү жакшы маанайда

[1] Эрол Гүнгөр ушунун тегерегинде Piaget тин адеп-ахлактык өсүп-өнүгүүнүн теориясы жана ушуга байланыштуу амприк изилдөөлөрү жөнүндө маалымат берет. Кийинчерээк ушул багытта таалим алган L. Kohlberg тин балдар үстүндөгү корутундуларын изилдейт. Андан соң жалпы адамзаттын жашоосун камтыган социалдык иликтөө теорияларын аныктайт. (Гүнгөр, 1998; 44-70; 1997:29)

кароосун күтүү менен бирге жашоонун адеп-ахлактык негизи баалуулук плюрализми болуп саналат.

Баалуулук плюрализми, жакшы мүнөздөгү башка өкүмдөрдү сактап калууга мүмкүнчүлүк берет. Жакшынын көптүк түрдө экенин айтуу, бир гана туура чечимдин ордуна бир канча чечимдин бар экендигин көрсөтүү дегендик. Башкача айтканда, чечкинсиздикти сунуштоонун ордуна сунуштардын санын көбөйтүүнү билим берүү мекемелери аркылуу булардын бирдиктүү иш-аракетин чыңдоо мүмкүн экенин айтат. (Грай, 2003; 12)

Ошондуктан топтордун жана ар түрдүү социалдык, саясий коомчулуктун ой-жүгүртүү жана тандоо мүмкүнчүлүгү болбогондугу, айтылган шайлоолордун негизинде индивиттер тарабынан жасалгандыгы, бирок, топтордун жана коллективтердин атына сунулган нерселердин үстүндө туруу керек. Андыктан «баалуулук» өзгөчө кыймыл-аракет түрү же болбосо, кайчылаш келген индивидуалдык, же социалдык тандоолордун абалын көрсөткөн ишеним болуп эсептелет. Ушул түшүнүк боюнча «баалуулук», бир обьектинин баалуулукту каржылаган субьек менен болгон байланышындагы өзгөчөлүгү. Ошондуктан баалуулук, сөссүз түрдө бир индивит үчүн баалуу. Ошондуктан баалуулук, корутундуланган субьект менен болгон байланышы үзүлбөйт. Ошону менен бирге бир нерсенин маңызын көрсөткөнгө аракет кылган обстракт жана индивидуалдык өлчөм катары кабыл кылынган баалуулук, үй-бүлө, мектеп, партия ж.б. у.с. социалдык мекемелерде коллектив абалга келүүдө. Ушул багытта баалуулукту маданияттан бөлөк кароого мүмкүн эмес. Маданият, орток баалуулуктар, символдор, идеологиялар, ишенимдер жана жашоонун бир бүтүмү. Ошондуктан маданият, баалуулуктун пайда болушу. (Акбаба-Алтун, 2003:7; Арал, 1992:50-51, 84)

Көрсөтүлгөндөй эле, коллектив экенин айгинелеген пикирлерде да «индивидуалдык» борбордо. Андай болсо, жалпы адам укуктарынын жалгыз субьектисинин индивит болушу керектигин айткан либерал плюрализм түшүнүгүнөн баштап корутундулоо зарылдыгы туулат. Анткени, коом жана улут атына ой-жүгүрткөн жана жалпы укуктарды тандагандын да «индивит» болушу, көпчүлүктүн жана коомчулуктун укугу катары көрсөтүлгөндөр да чындыгында, ал топторду пайда кылган адамдардын укуктары же адамдардын башка адамдар менен биргеликте колдонгон укуктары ушул багытта гана пайда болушу ыктымал. (Эрдоган, 1977: 44; ошол эле автор, 1998: 10; Йүрүшен, 1999:117)

**Жаңы чечим сунушунун проблемалары**: индивитти толук түрдө утилитардыкка (пайданы гана көздөгөндүк) жана өзүмчүлдүккө көндүрүп, жыйынтыгында баалуулук субьективизмине кабылтуу коркунучун туудуруу. Бул текстин максаты, бул коркунучтарды эске алып, индивидуалдык жана маданий «түрдүүлүк жана айрымачылыктарга» басым жасоо менен бирге, акырында маданий перспективадан бөлөк болгондугун жана фалсафа тарыхынын алгачкы жылдарынан баштап бул проблемалардын үстүндө токтолгондугун көрсөтүү. Маданий системалар ортосунда канчалык

айрымачылыктар болсо да ар бир маданиятта универсал баалуулуктар бар жана алардын куруучулары индивиттер.

Универсал баалуулуктун пайда кылуучулары индивиттер экенин айтуу карама-каршылыкты жана рельятивизмди пайда кылбайбы? Жок, субьект-обьектке баш ийүүчүлүк, субьективтүүлүккө обьективдүүлүккө алып келбейт. Обьектке көз каранды болуу менен баалуулуктун индивиттин эркин тандоосу напсина баш ийүү деген маанини туюнтпайт. Биздин бул жерде айтайын дегенибиз инсан деген жандык жана анын баалуулук идеялары. Мисалы, адилеттүүлүк, туурулук, сулуулук идеялары бир сыпат катары жандык үчүн керектүү нерселер. Ушул мүнөздө идеялдуу обьектилердин бир субьектке баш ийүүсү, жандык үчүн керек болгондугуна тоскоолдук жок. Ошондуктан баалуулуктар да обьективтүү болушу зарыл. (Гүнгөр, 1998:21; Арал, 1992:51-53,63)

## 1.Философиялык термин катары «Баалуулук»

Философия, жалпылап айтканда жандык (онтология), билим (эпистомология) жана баалуулук (аксиология) тармактарына байланыштуу проблемаларды системалуу, рационалдык жана критикага ыңгайлуу түрдө корутундулоону түшүндүрөт. Ушул түшүнүк боюнча философия, инсандын өзүн маанилүү, жалгыз экенин жана жаратылышты колдонуу иш-аракети болуп саналат. Ички жана сырткы дүйнөгө карата бул аракетти канчалык деңгээлде билип билбегендигибиздин жообун изилдөө иретинде жакшы, жаман, туура, туура эмес сыяктуу баалуулуктардын кандай мааниге келгендиги каралат.

Ушул түшүнүк боюнча инсан бир жаратык катары бул дүйнөдө жашап жатып, бир баалуулук катары метафизикалык дүйнөдө жашайт. Ошондуктан баалуулуктун өзгөчөлүгү бир тараптан инсанга байланыштуу болсо, бир тараптан сезимдерибизде жайгашкан физикалык субөектилердин маалыматтарынан башкача өзгөчөлүктөргө ээ болуусу. Аныктамасы боюнча субөективдүү өзгөчөлүккө ээ болсо да, инсан жана коомдо эбегейсиз чоң таасири болгондугуна байланыштуу ошол эле учурда обөективдүү. Эгер инсан жана коом ортосундагы байланыш туурасында сөз кылууну кааласак инсан жашоосунун баалуулуктарынын обөективдүү жана субьективдүү өзгөчөлүктөрү үстүндө токтолуу зарыл. (Урал, 1998; 42,48)

Бул жерде адеп-ахлактык баалуулукка байланыштуу ethik (этикалык) жагын алдыга чыгарууда. Этикада адеп-ахлактык жоболорду, шайлоолорду жана бул шайлоолордун стандартын анализдеп, тактоо үчүн жашоодо жол көрсөтө турган жол башчынын кандай болушу туурасында суроо пайда болот. Бул багытта W. Windelband тин айтуусу боюнча баалуулук философиясы катары көрүлгөн философиянын обөективдүү жана субөективдүү перспективасына карата ар түрдүү класстык функциялары бар. Алар: хедонист; маалымат баалуулуктары (туура-туура эмес); адеп-ахлактык баалуулуктар (жакшы-жаман); эстетикалык баалуулуктар (кооз-көрксүз); диний баалуулуктар (күнөө-сооп). (Sahakian, 1974: 1-3; Gaus, 1990: 1-2;

Özensel, 2003-218; Aral, 1992: 108-116). Ал эми башка класстык функция боюнча алар: эстетикалык, теориялык/илимий, экономикалык, саясий, социалдык жана диний баалуулуктар. (Gьngцr, 1998: 18-19, 27-30, 41-44, 84)

Фалсафа тарыхынын алгачкы доорлорунан баштап «эмне кылышыбыз жана кандай аракет кылуубуз керек?» суроосунун «жакшысын аткарып, жаман нерседен качуу керек» жообунда көрүлгөндөй, бир суроо жана тандоо бар. «Жоопко тартуу», «белгилүү бир абалды башкасына алмашуу» болуп эсептелет. «Балуулук» ушул тандоо иретинде. Башкача айтканда бир нерсени каалоо жана каалай албай тургандыгын түшүндүрөт. Ошондуктан баалуулук, кыймыл-аракетти жараткан жана аны жоопко тарта турган түшүнүк. Ушул түшүнүк боюнча баалуулуктар идеал, айкын жана нормалдуу мүнөзгө ээ. (Gaus, 1990:8; Güngör, 1998:12-13, 27; Erdem, Aral, 1992: 16-17, 48; 2003:56; Uyanık, 2003:13, 182).

Ушул үч өзгөчөлүк, баалуулуктардын обьективдүүлүк жана субьективдүүлүк ортосунда пайда болгондугун айгинелейт. Баалуулуктар жеке индивитке көз каранды. Ошону менен бирге жеке индивиттин субьективдүү жагы да бар. Баалуулуктар инсандын эң терең ички дүйнөсүнөн чыккан универсалдуу бир нерсе болгондугу үчүн дүйнөнүн кайсы жерине, же кайсы доорго кайрылбайлы «жакшы-жаман», «сулуу-көрксүз», «туура-туура эмес» ортосунда айрымачылык болот. Эгер, булар доорлорго, коомдорго карата өзгөргөндө, анда каалаган учурда жок кылса болот эле. Баалуулук терминиде мындай мүмкүнчүлүк жок. Булар чырмалышкан өзгөчөлүккө ээ. Бул маселени корутундулаган жеке адамдардын өздөрү жашаган маданий жана социалдык шарттарынын бөлөк экенин эске ала турган болсок, маселелердин ойку-туйку экендиги ачык-айкын ортого чыгат. Корутундулоо өлчөөлөрүнүн жеке адамдарда бирдей болбогондугуна карабастан өткөн учурларда эч бир убакта, эч бир коомдо чындыктын да, эстетиканын да, диний баалуулуктардын да толугу менен жок кылынгандыгы көзөмөлгө алынган эмес. (Арал, 1992:53, 63-78) Бул адеп-ахлак философиясында жаңылык эмес, этикалык жашоонун чыныгы жүзү. Көч жана байланыш бир учурларда бири-биринен башка жана көз карандысыз жашоо образдарын жакындатуу менен бирге баалуулуктардын кайчылаш болуп калышы кеңири жайылган. Биздин пикирибизде плюрализм тарыхый өчпөс баалуулук. (Грай, 2003;11) ?

**Педагогдорго ушул учурда маанилүү милдеттер жүктөлүүдө**

- Убактысына жана жерине көз каранды өзгөрүүлөрдүн үстүндөгү баалуулуктардын эмне экенидиги жана кандай үйрөтүлө тургандыгы тууралуу философиялык негизде программалар даярдоолору керек.
- Корутундулоо билим жолу менен өнүгө турган нерсе. Мүмкүнчүлүктөрдүн көбөйтүлүүсү, баалуулуктарды өздөрүндө топтоштурган жогорку деңгээлдеги адамгерчиликтер, билим аркылуу жеке адамдарга үйрөтүлүүсү керек.
- Идеал, ачык-айкын жана туура-так баалуулуктардын жеке адамдар тарабынан кабылдануусунун, баалуулуктардын обөективдүүлүгүнө

зыян келтирбей тургандыгын, тескерисинче индивиттердин жаратуучулук өзгөчөлүккө ээ боло тургандыктарын студенттерге түшүндүрүү зарыл.

- Ошондуктан жеке индивиттеки анык бирок толук реалдуу эмес корутундунун обөективдүү жана айкын баалуулукка дал келгендиги изилденүүсү керек. Баалуулук менен баалуулук чечими арасындагы окшоштукка тоскоол болгон сырткы күчтөр такталып, аларды жок кылуу үчүн эмнелер жасоо керектигинин үстүндө туруу зарыл.
- Тоскоол болгон сырткы күчтөрдүн негизинен интеллектуалдык бюрократиялык жана диний тармактан келгендигинин үстүндө ой-жүгүртүү керек. Биринчи урпакта толук такталбаган маалыматтар жана жаңылыштыктар. Экинчи урпакта диний ишенимдер жана пикирлердин тегерегинде туруу керек. Эки урпактын тең субөективдүү жагынан чыгуу үчүн орток пикирге келсе болот.
- Ушул перспективада эки урпактын тең бири-бирине байланыштырган абалдан куткарса болот. Анткени, эки урпак тең чындыкты бир жактуу абалда жаңылыштыкка түшүрүүдө. Реалдуулукту жана ага байланыштуу маалымат алуу багытындагы көз карашты кичирейтүүдө. Өзгөчө инсандын кыймыл-аракеттеринде жана жараткан чыгармаларында моралдык жагынын этибарга алынбашы анти-гуманисттикти пайда кылууда. Бул көз караш саясий күчкө ээ болгондо тоталитаризмди жаратууда. (Арал, 1992: 78-79)
- Басым болсо сапаттан санга өтүүгө маани берүү менен бирге коомдук тынчтыкты бузууга жана таасири муундан-муунга улана турган адилетсиздикке баш аламандыкка жол ачууда. Мисалы айта турган болсок 28-февраль окуясы менен биргеликте экономикада өндүрүшчүлөрдүн негизги катмары, чакан кебапчылардын дагы башкалардын таасири астында калган. 70 000 имам хатип лицейинин окуучуларына байланыштуу жаңылыштыктар, туура эмес маалыматтардын негизинде 830 000 кесиптик лицейинин окуучуларынын жеке укуктары жана келечектери менен ойнолгон. Башка лицейлердин экономика тармагында адистерди даярдоосуна болгон тоскоолдуктарды айтпаганда, имам хатип лицейин сөз кыла турган болсок, инсандын бар болуп өсүп-өнүгүшү адамдын моралдык жагынын өсүп-өнүгүшүнө жана кеңейишине байланыштуу.
- Инсан жаратыгынын өсүп-өнүгүшү болсо кээ бир пайдасыз нерселерге баш ийүү менен эмес, баалуулуктарды бул дүйнөдө өнүктүрүү менен болот. Бир моралдык духтун ичинде пайда болгон баалуулуктарга баш ийүү инсанга эркиндик жана инсандык сапат пайда кылууда. Бул баалуулуктар жана андан чыккан каалоолор адамдын тикеден-тике өзүнүн моралдык духуна көмөк болгон. Аларга баш ийүү менен бирге туңгуюк абалдарда аларга ылайктуу өкүмдөр чыгаруу менен, чындыгында, өзүбүзгө баш ийген, өзүбүздүн чечимибизди өзүбүз койгон болобуз. (Арал, 1992: 81-82)

## 1. «Баалуулук» катары «Плюрализм»

«Башка башка индивиттерден турган топтордун биргеликте тынч жашоосу» маселесин талашып-тартышкан эки перспектива «Мультикультуралист жана либерал плюрализм» болуп саналат. Буларды негизги темалары менен биргеликте карайлы:

### 2.1 Мультикультуралист жана либерал плюрализмдин пикирлери

Аныктоочу катары да, баалоочу катары маанисинде да колдонулган мультикультура (көп маданияттуу) коом ичинде көп сандагы этникалык жана маданий топтордун бар экенине ышаарат кылуу менен чектелбестен, булардын ортосундагы бир канча келишпестиктерди жөнгө салууну түшүндүрөт. Аныктама боюнча бул түшүнүктө «башка башка маданияттардын бири-бирин түшүнүүсү жана ушунун негизинде башкаларга толеранттуулук көрсөтүүсү, таанылуусуна көмөк көрсөтүүсү, бир жактуу маданият түшүнүгүнө каршы чыгуусу, башка башка маданияттардын жолугуусуна шарт түзүүсү жана алардын ортосундагы диалогду колдоосу» керек. (Дуругөнүл, 2003; 606)

Ошону менен бирге бир топтун жана ар түрдүү коомчулуктун ой-жүгүртүү, тандоо мүмкүнчүлүгүнүн болбой тургандыгын, мунун индивиттер тарабынан гана жасала тургандыгын, ошондуктан адам укуктарынын жалгыз субьектиси «индивит» болушу керек экендигин айткан либерал плюрализм бар. Анткени, бир топтун же болбосо улуттун атына ой-жүгүрткөн жана негизги укуктарды тандаган «индивиттер». Ошондуктан бир топтун жана жамааттын атына колдонулган коомчулук укуктары катары көрсөтүлгөндөр да чынында ошол топторду пайда кылган индивиттердин укуктары же индивиттердин башка индивиттер менен биргеликте колдонушкан укуктары. (Эрдоган, 1997, 44; ушул эле автор, 1998,10; Йүрүшен, 1999, 117) Эми ушул эки түрдүү түшүнүккө токтололу.

Мультикультуралист плюрализм түшүнүгүндө негиздөөчү элемент, маданий кишиликтин булагы катары коллектив кабыл кылынган. Маданияттардын бирдей баалуулуктарды камтыганын, бири-бирине кандайдыр бир үстөмдүгү жок экендиги пикиринен улам бардык маданияттардын жаңы пайда кылынган коллективдикке кошулгандыгы жана сый-урматка ылайык катары белгиленет. Анткени маданий түрдүүлүктүн бардык элементтеринин бирдей өлчөмдө баалуу экендигин айтуу, жалпысынан адеп-ахлактык баалуулуктардын табигый жагынан талаш-тартыш маселе. Ошондуктан мамлекеттин тарапсыз функциясында орун алган саясий баалуулук катары эң маанилүү толеранттуулук термини, бул жерде иерархия болгондугуна байланыштуу өзгөчө бир маанинин түшүндүрбөйт. (Йүрүшен, 1999, 118-119)

Ушул учурда аткарылуусу керек болгон укуктук жана адеп-ахлактык функцияларды мамлекет чыгарып, таанылган алдыңкы катмардагы маданияттардын баалуулуктарын жана булардын пайда кылган кемчиликтерди жок кылууга аракет кылат. Анын чыгарган бардык нерсеси

акылга туура келет, жакшы, сунуш кылбагандары жаман, жаман дегендери да жаман. Диндеги белгилүү бир маанисин мамлекеттин негизинде гана алат. Бирок, мамлекеттин закон катары көрсөткөн ишеним туура. Мамлекеттин жалпы коопсуздукту сактоосу үчүн авторитети кемчиликсиз жана шартсыз болушу керек. Мамлекеттин атуулдары мамлекет койгон закондорду четке кага албайт. Чыгарылган закон жаңы коллективди камсыз кылат, улуттук же диний айрымачылыктардын бири-бирин жок кылбоосу үчүн баары тарабынан кабыл кылынышы мажбур. Бирок, дүйнөлүк аренада модернизациялашууну орнотууну каалагандардын маданий айрымачылыктарды колдоо ордуна жок кылуу аракеттери үстүндө кенен жана сын-пикир мүнөздө токтолуу керек.

Ал эми либерал плюрализмде индивит түшүнүгүндө улуттук, диний же маданий айрымачылыктардын табигый жана жакшы маанайда каралышынын жанында бул баалуулуктардын моделдеринин көпчүлүгүн борборго алуу зарыл. Ушул учурда либерал индивидуализм менен либерал индивит ортосундагы айрымачылыкка көңүл буруу керек. Экөөндө тен индивитке коллективдүүлүктүн пайдасына адеп-ахлакты биринчи орунга коюуда. Бирок индивидуализм, бардык инсандардын кыймыл-аракетин жана ички дүйнөсүнүн калыптануусуна өбөлгө болгон нормалдуу жана рационалдуу бир индивит модели сунуштайт. Бул жердеги ачкыч сөз-толеранттуулук. Жогорку маданият менен төмөнкү маданият ортосунда толеранттуу мамиле кылууну жөнгө салуу. Ал эми жалпысынан толеранттуулук көбүнчө күчтүүдөн күчсүз талап кылууда. Саясий эрки колуна кармаган күчтүү болсо бул каалоону күчсүздүн күчтүү болуу үчүн чыгарган оюну катары кабыл кылууда. (Эрдоган, 1997, 50)

Ал эми этимологиялык мүнөздөгү толеранттуулук башкарган жана башкарылган, күчтүү менен күчсүздүн ортосунда бирдей көрсөтүлөт. Жана да алгачкы учурлардан азыркы учурга чейин саясий чечимдерде эң аз жаңылыштык кетирүү үчүн «көп үндөштүк» негизинде курулган демократия үчүн шарт болуп эсептелет. Теңдик жана эркиндик принциптерине мекендештер ортосундагы бир тууғандык жана достук принциби кошулганда айкын бир саясий башкаруу курулат. «Бир туугандык жана достук принцибинин негизги колдоочуларынын бири толеранттуулук. Анткени, баарына жакшы мамиле кылуу үчүн башкалардын айрымачылыктарын туура кабыл кылуу керек.» (Агаогуллары, 1989, 80)

ЖЫЙЫНТЫК: Ислам философиясынын терминдери менен акыркы сөзүмдү айта турган болсом, инсандын жалгыз максаты-*тахсилус-саада*. Башкача айтканда бактылуулукка жетүү акысы. Бул тикеден-тике жашоону жашоого ылайык кыла турган нерселердин адамдарга карата өзгөрө тургандыгын, ошондуктан баалуулуктардын, долборлордун жашоодогу жалпы мамилесинин моделдеринин көпчүлүгүн көрсөтөт. Башка адамдарды эске алып, биргеликте жакшы жашоо үчүн жана «жакшы» сөзүнүн бир канча түрү болгондугун билип, орток жашоо образын түзүүдө билим берүүнүн кошкон салымын изилдөөбүз зарыл.